КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ
ШААРДЫК АЙМАКТЫК
КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО
ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ №22/1

2021-жылдын 4-июлу — Ош шаары

**Катышышты:**
Ош АШКнын төрагасы: Аттокуров У.Т.

**мүчөлөрү :**
Ысмаилова Б. А.
Айтбаева Ж.С.
Жумабаев Т.Ы.
Шаванов Т.К.
Ахматова Г.
Эрмеков К.К.
Эркинов А.Ч.
Зарипбек у.Б.

1. **Жоошбаева Роза Каныбековнанын арызынын негизинде Ош шаардык ИИБдин жөнөтүлгөн материалдарды КР Бузуулар жонүндөгү Кодексинин 44-беренесине ылайык чара көрүү боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу кесиптештер, Ош шаардык ички иштер бөлүмүнө 2021-жылдын 29-июнь күнү “Улуттар Биримдиги” саясий партиясынан Ош шаардык кеңешине депуттатыгына талапкер Жоошбаева Роза Каныбековнадан “Ата-Журт” саясий партиясынын агитатору Лютфилло аттуу атуулга карата чара көрүүнү суранган арыз келип түшкон.

Бул арыз боюнча Ош шаардык ички иштер бөлүмү териштирүү жүргүзүп, жыйынтыгын жөнөттү.

Ош шаардык ички иштер бөлүмү Р. Жоошбаевадан алган түшүнүк катында ал 2021-жылдын 29-июнь күнү Ош шаарынын Шейид-Дөөбө кичи шаарчасында “Ата-Журт” саясий партияснын талапкердин ишенимдүү өкүлү (агитатор) болуп иштеген Лютфилло деген атуул “Улуттар Биримдиги” саясий партиясына карата каралаган маңыздагы маалыматтарды таратып жүргөнүн угуп, ага таратпоону эскертүү үчүн жолуккандыгын, жана сүйлөшүүдө ал бийликтин гана партиясында иштээрин жана “Улуттар Биримдиги” партиядан талапкер А.Мавляновдун улутуна асылып, “анын атасы кыргыз жана ал кыргыздыгын кылат” деп, андан сырткары шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу менен анын көчөсүнө “Улуттар Биримдиги” партиянын агитаторлорун келбешин айтты деп билдирген.

Ушул эле маалыматты Р. Жоошбаева менен бирге барган Касымбекова Миргүл Кудайбердиевна далилдеген.

Лютфилло Мадумаров бул окуя боюнча 2021-жылдын 29-июнь күнү Р.Жоошбаева менен жолуккандыгын, ал Мелис Мырзакматовду акарат кылыпсыз дегенине, ал киши тууралу эч нерсе деген эмесмин деп жооп бергенин айтты. Андан сырткары, “Улуттар

Сканировано с CamScanner

Биримдиги" саясий партиясы же анын талапкерлери тууралу эч кандай сөз эч жерде суйлогон эмесмин, А.Мавляновдун улутуна асылган сөз болгон жок деп билдирген. Ошондой эле, бир күн мурун Абдугафур деген атуул келип, Мукуми көчөсүнө силердин агитаторлорунар кирбесин, бул жакты биз карап жатабыз дегенине, ал жака биздин агитаторлор кирип, агитация кылышат, сенден уруксаат сурабайт деп жооп бергендигин айткан.

02-041-2021-001641 саны менен катталган материалды Ош шаардык ИИБ Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 44-беренесине ылайык чара колдонуу үчүн жөнөткөн.

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 44-беренесинде "Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу, -4-категориядагы айып пул салууга алып келет. Жалпыга маалымдоо каражаты тарабынан жасалган ошол эле жосун, - 5-категориядагы айып пул салууга алып келет"- деп көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде, Л.Мадумаров шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 44-беренеси боюнча 4-категориядагы айып пул салуу боюнча сунуш добушка коюлду.

**Макул – 9** **Каршы – жок**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. Мадумаров Лютфиллого шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 44-беренеси боюнча 4-категориядагы айып пул салынсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Аттокуров У.**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Буранова Е.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

Сканировано с CamScanner